"БЕКИТЕМИН"
Ош мамлекеттик университетинин
илимий иштер боюнча проректору,
ф-м.и.к., доцент Эшаров Э.А.

12.12.2024

**ЖЕТЕКТӨӨЧҮ МЕКЕМЕ**

**Ош мамлекеттик университетинин педагогика, спорттук жана улуттук оюндар кафедраларынын биргелешкен отурумунун Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» деген темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын талкулоо боюнча**

**ПИКИРИ**

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Болочок мугалимдерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодо алардын инсан катары калыптанышына, улуттук маданияттын баалуулуктарын, нарк-насилдердин жана алар менен байланышкан аң-сезимдерин кеңири колдонууга, өзгөчө кыргыз эли эгемендикке ээ болгон мезгилден баштап, олуттуу көңүл бурула баштады. Тилекке каршы, азыркы жаштар ар кандай себептерге байланыштуу улуттук баалуулуктарга толук кандуу баа беришпейт. Ага байланыштуу жаштарга натыйжалуу таасир этүүчү дене тарбия каражаттарын изилдөө,



И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 111 "16" 12 2024 ж/г

Дискенештин окум. катчысы

алардын педагогикалык өңүттө натыйжалууларын негиздөө зарылдыгы келип чыгат.

Мына ушундай өзгөрүүлөр болочок дене тарбия мугалиминен тогуз коргоол оюну боюнча тийиштүү компетенттүүлүккө ээ болушун, аны калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин аныктоону, дене тарбия мугалимдерин даярдоодогу моделин, педагогикалык шарттарын жана билим берүү каражаты катары адистик компетенттүүлүктү калыптандыруудагы мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө көйгөйлөрүнүн актуалдуу экендигин ырастайт.

Кыргыз Республикасында калктын кыргыз улуттук оюндарына болгон кызыгуусунун жогору экендигине карабастан жаштарды улуттук оюндар боюнча даярдоо маселеси жетишээрлик деңгээлде чечилбей келе жаткандыгы; жаштар арасында тарбиялык мааниси боюнча өтө жогору болуп эсептелген тогуз коргоол оюнуна болгон кызыгуунун кеңири экендигине карабастан аталган улуттук оюнга даярдоо боюнча адистердин жетишсиздиги; тарбиялык мааниси боюнча шахмат оюнунан кем болбогон тогуз коргоол боюнча адистерди даярдоо зарыл экендигине карабастан бул максатта атайын изилдөөлөрдүн жокко эсе экендиги; улуттук оюндар боюнча адистердин жетиштүү экендигине карабастан, алардын адистик компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган изилдөөлөрдүн жок экендиги бул диссертациялык иштин актуалдуулугун далилдейт.

**2. Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү:** Диссертациялык иш киришүүдөн, изилдөөнүн милдеттеринин чечилишин баяндаган үч баптан, жалпы корутундудан, практикалык сунуштардан жана 154 булакты камтыган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 144 баракты түзөт.

**Киришүү** бөлүмүндө изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы, практикалык маанилүүлүгү, коргоого коюлуучу негизги жоболор,

изилдөөчүнүн жеке салымы, диссертациянын натыйжаларын апробациялоо, басылмаларда жарыяланышы, диссертациянын түзүмү жана көлөмү жөнүндө маалымат берилет.

**Биринчи бап "Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүктү калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери"** деп аталып, дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүктү калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин камтыган адабий булактар талданды жана аналитикалык маалымат үч параграфка жайгаштырылды.

**Экинчи бап "Дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселесин изилдөө методологиясы, материалдары жана методдору"** деп аталып, дене тарбия мугалимдеринин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселесин изилдөө методологиясы, материалдары жана методдору мүнөздөлдү. Адабий булактардын анализинин негизинде методология түшүнүгүн дене тарбия мугалимдеринин адистик компетенттүүлүгүн калыптандырууда жетекчиликке алууну талап кылган принциптердин жана натыйжалуу маалымат чогултууга мүмкүндүк берген методдордун бирдиктүү түзүмү катары таанылды. Алардын курамын теориялык жоболордун негиздүү болушун камсыз кылуу, аныкталган теориялык жоболорду практикалык иш алып барууда жетекчиликке алуу, изилдөөгө комплекстүү мамиле жасоо, көйгөйгө системдүү көз кароо, жаңы технологияларды жана инновациялык методдорду колдонуу, студенттердин жеке өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эсепке алуу, үзгүлтүксүз баалоо жана коллективдик пикирге таянуу принциптери иретинде аныктадык.

**Изилдөөнүн объектиси:** болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** болочок дене тарбия мугалимдеринин тогуз

коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий теориялык негиздери жана жолдору.

**Үчүнчү бап “Дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүлүгүн калыптандыруу боюнча педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана натыйжалары”** деп аталып, болочок дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча педагогикалык эксперименттин жүрүшүн баяндоого жана анын натыйжаларын анализдөөгө арналды.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** кыргыз улуттук оюндарынын таалим-тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн илимий жактан талдоо аркылуу болочок дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери аныкталды; заманбап илимий методология жана методдорго таянуу менен болочок мугалимдердин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптантыруунун мазмуну, педагогикалык шарттары, тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун критерийлери, деңгээли, көрсөткүчтөрү жана аларды ишке ашыруу модели иштелип чыкты; болочок дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталды, тогуз коргоол боюнча адистешип окуган студенттердин башка студентерге карата салыштырма мүнөздөмөсү иштелип чыкты, изилдөөдөн алынган натыйжаларды кеңири жайылтуу максатында практикалык сунуштар даярдалды.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** изилдөөдө алынган илимий натыйжаларды төмөндөгү багыттар боюнча: тогуз коргоол оюнунун адистик компетенттүүлүктү калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрүн аныктаган илимий-теориялык негиздерди жогорку билимдүү дене тарбия мугалимдерин окутуп-тарбиялоо процессин байытуу максатында; автор

тарбынан иштелип чыккан тогуз коргоолду окутуу жана машыгуу методикасын негиздеген атайын курсту, компьютердик интерактивдүү технологияларды, контролдук иштердин жыйнагын, баалоо критерийлерин, педагогикалык шарттарын жана болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол оюнунун моделин жогорку окуу жайларга жайылтуу максатында; педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын жана тогуз коргоол оюнунун педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн жаштардын арасында кеңири жайылтуу жана акыл ишмердүүлүгүнө негизделген башка спорттун түрлөрү менен байланышкан салыштырма изилдөөлөрдү жүргүзүү максатында колдонууга сунушталат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүктү калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин баяндаган илимий булактарды талдоо жана иштеп чыгуу; адистик компетенттүүлүктүн мазмунун жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо, болочок мугалимдерди даярдоонун теориялык моделин, педагогикалык шарттарын, окутуу технологияларын жана баалоо критерийлерин негиздөө, тийиштүү адистик негизги программаны, окутуу курсунун мазмунун жана методикалык каражаттарды иштеп чыгуу; педагогикалык эксперимент жүргүзүү, анын натыйжаларын анализдөө жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу менен байланыштуу.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкештиги.** Изденүүчүнүн автореферата диссертациялык иштин мазмунун чагылдырган структурага ээ, кыргыз, орус, аглис тилиндеги резюмелер бири бирине шайкеш келет.

**6. Диссертациялык ишке оң баа берип, сын-пикир катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүү зарыл:**

1. Болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүктү калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери

жана тогуз коргоол оюнунун педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн ачыктоодо педагогика илиминдеги жалпы оюн теориясы ар тараптуу ачыкталбай калган пикир жаралат.

2. Дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары изилдөөнүн милдети жана экинчи милдети катары үстүрттөн гана атап өткөн, алардын ар бирин чечмелеп педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилген натыйжаны чагылдырылыш керек деп ойлойбуз.

3. Студенттердин заманбап окутуу технологиялары менен таанышуу, аларды реалдуу сабак учурунда колдонуу тажрыйбасына ээ кылды деген тезистерди сабактардын үлгүлөрү менен коштолсо жакшы натыйжа болмок.

Белгиленген сын-пикирлер диссертацияны жакшыртуу максатында айтылды, иштин жалпы мазмунуна таасирин тийгизбейт, ал эми анын автору Манашева Кенжегүл Пазыловнага «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» деген темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маланиятынын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**7.** Кыргыз Республикасында "Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө Жобого" ылайык иштин диссертацияга коюлуучу талаптарга ылайык келиши. Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» деген темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы

адистиктери боюнча кандидаттык диссертациясы актуалдуу темада аткарылып, теориялык жана практикалык мааниге ээ. Ал жеке изденүүчү тарабынан аткарылган иш болуп саналат. Анын илимий натыйжалары илимий эмгектеринде жарыяланган, алар актуалдуулугу жана ишенимдүүлүгү менен айырмаланат. Диссертация Кыргыз Республикасында кандидаттык диссертацияларга карата "Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө Жобонун" 10 п. талаптарына жооп берет, ал эми анын автору Манашева Кенжегүл Пазыловна «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» деген темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп ырастоого негиз берет.

Пикир Ош мамлекеттик университетинин педагогика, спорттук жана улуттук оюндар кафедраларынын биргелешкен жыйынында талкууланып 11-декабрь 2024-жылы (№4-протокол) бекитилди.

**Ош мамлекеттик университетинин**
**педагогика кафедрасынын башчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Жутанова Г.А.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ / ОТДЕЛ КАДРОВ

**Ош мамлекеттик университетинин спорттук жана**
**улуттук оюндар кафедрасынын ага окутуучусу,**
**педагогика илимдеринин кандидаты** **Үсөн уулу Жыргалбек**

**Секретарь:** **Кайымова Л.Ш.**

Ош МУ
Тастыктаймын
20____ж. «____» ____________
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.

**Ош мамлекеттик университетинин педагогика, спорттук жана улуттук оюндар кафедраларынын биргелешкен отурумунун Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» деген темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын талкулоо (11-декабрь 2024-ж. №4 протоколунун көчүрмөсү)**

**КАТЫШКАНДАР:**

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча: Жутанова Г.А. – педагогика кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Колдошев М.К. – п.и.д., профессор, Тажикова Б.Ш. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Батыралиев А.Б. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент; Бөжөнов З.С. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Айдарова Ж.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доц. м.а. Сапарова Б.С. – ага окутуучу, Бегматов С.И. – ага окутуучу, Жакупова Г.С. – ага окутуучу, Байсубанова В.А. – ага окутуучу, Маматова Ж.Т. – окутуучу, Сүйүнбаева М.С – окутуучу.

13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы адистиги боюнча: Үсөн уулу Жыргалбек. - педагогика илимдеринин кандидаты, Оморов Т. – профессор, Жээналиев К. – доцент, Сатиев Т. – доцент, Жусубалиев М. – улук окутуучу, Нышанов Ж. – улук окутуучу, Сабиров С. А. -улук окутуучу, Ысмаилова Н. – улук окутуучу.

**КҮН ТАРТИБИ:**

**Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» деген темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын талкулоо протоколунун көчүрмөсү**

**( Протокол №4 2024-ж., 11-декабрь).**

**Жутанова Г.А.** – педагогика кафедрасынын башчысы. Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» деген темадагы педагогика, спорттук жана улуттук оюндар кафедраларынын мүчөлөрү диссертациялык иш менен таанышып чыккандан кийин диссертациянын мазмуну тууралуу ой-пикир айтыңыздар.

**Колдошев М. – педагогика илимдеринин доктору, доцент.** Болочок мугалимдерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодо алардын инсан катары калыптанышына, улуттук маданияттын баалуулуктарын, нарк-насилдердин жана алар менен байланышкан аң-сезимдерин кеңири колдонууга, өзгөчө кыргыз эли эгемендикке ээ болгон мезгилден баштап, олуттуу көнүл бурула баштады. Бул өңүттө маанилүү роль ойногон бир катар коомдук-социалдык жана илимий-педагогикалык өбөлгөлөрдү да белгилейбиз. Алардын орчундуулары катары 2021-жылдын 24-июлунда Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциядагы улуттук аң-сазимге, баалуулуктарга жана салттуу маданиятка негизделген татыктуу тарбия жана сапаттуу билим берүү аркылуу инсандын өнүгүүсүн камсыз кылуу максатын көздөгөн зарыл чаралар иштелип чыгып жатат.

Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу болочок дене тарбия мугалимдеринин адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери жалпы педагогикалык-психологиялык теорияларды, дене тарбиянын теориялык негиздерин, тогуз коргоол оюнунун тарыхын, тарбия берүү мүмкүнчүлүктөрүн, окутуу методикасын, окутуу процессиндеги оң натыйжаны камсыз кылууга салым кошуучу педагогикалык-психологиялык, медициналык-биологиялык, социалдык-этикалык аспектилерин жана адистик билим берүүнүн укуктук-ченемдик актыларын өздөштүрүү зарылдыктарын аныктайт.

Иш кандидаттык диссертацияларды жазуу боюнча бардык талаптарга жооп берет, ошондуктан эки адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын жактоого сунуш кылам.

**Үсөн уулу Жыргалбек. - педагогика илимдеринин кандидаты.** Дене тарбия мугалиминин педагогикалык багыттагы ишмердүүлүгү көп кырдуу жана мамлекеттик стандартта ишмердүүлүккө карата төмөндөгү адистик даярдыктарга ээ болуу каралган: спорттун бир түрү менен адистешип билим берүү дене тарбия багытындагы бакалавр даражасын

ыйгаруунун олуттуу бир бөлүгү катары белгиленген. Ага байланыштуу тогуз коргоол спортунун мазмуну тереңдештирилип окутулат, оюн ойноо менен байланышкан билгичтиктерди жана көндүмдөрдү (компетенцияларды) калыптандыруу талап кылынат. **А**дистик билим берүүнүн натыйжасында бүтүрүүчүлөр универсалдык (жалпы илимий, инструменталдык, социалдык-инсандык жана инсандык-маданий) жана адистик компетенцияларын курамына ээ болуу талабы каралган. Ага байланыштуу, тогуз коргоол боюнча адистештирип даярдоонун маанилүү компетенциялары иретинде болочок мугалимдин компетенцияларга ээ болуу зарылдыгын белгилейбиз. Мен бир нерсени белгилегим келип жатат. Тогуз коргол боюнча бул биринчи илимий эмгек болуп эсептелинет, абдан маанилүү эмгек. Кандитаттык диссертацияга коюлган талаптар аткарылган, ошондуктан ачык коргоого сунуштайм.

**Жээналиев К. – доцент. Тогуз коргоол оюнун билүү жана ойной алуу методикасы ар тараптуу ачыкталат.** Болочок дене тарбия мугалиминен эң алды тогуз коргоол оюнун ойноо эрежесин, техникасын жана тактикасын өздөштүрүү талап кылынат. Анын тогуз коргоолду жакшы денгээлде ойной алышы, үйрөтүү учурунда оюнду талдоо жана ыңгайлуу жолдорду аргументтүү түшүндүрө алуу мүмкүнкүчүлүн түптөйт. Тогуз коргоолдун тарыхын билүү анын тарбиялык маанисин окуучуларга түшүндүрүүдө, тогуз коргоол жөн эле оюн эмес, кыргыз элинин маданий мурасынын бир бөлүгү экендигин окуучуларга жеткирүүдө маанилүү роль ойнойт.

Дене тарбия мугалиминин методикалык чеберчилиги катары анын сабак берүүдө жана окуучулардын билим алуусунда укуктук-ченемдик документтерде каралган күтүлүүчү натыйжаны камсыз кылуу болуп саналат. Күтүлүүчү натыйжанын курамы мектеп билиминин учурда аракетте болуп жаткан мамлекеттик стандартты жана анын талаптарын жетекчиликке алып иштелип чыккан дене тарбия сабагынын предметтик стандарттары тарабынан аныкталган. Методикалык чеберчиликти кантип өнүктүрсө болот деген маселе да жакшы ачыкталган. Мындай эмгек адисти даярдоодо абдан керек. Дене тарбия мугалимдерине чоң жардам берет. Мен колдоймун жана жактоого сунуштайм.

**Оморов Т. – профессор.** Педагогикалык экспериментти натыйжалуу жүргүзүү, эксперименталдык программанын адистик билим берүү аймагындагы концепциялардын, компетенттүү мамиленин негизинде түзүлгөн мамлекеттик стандарттын талаптарын эске алуу менен даярдалганы жана заманбап окутуу принциптерине таянып ишке ашырылгандыгы маанилүү. Ага байланыштуу, дене тарбия багыты боюнча

адистик билим берүүдө жаңы мазмунду жана мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуучу педагогикалык алдыңкы тажрыйба топтолду деген тыянакка келүү ынанымдуу деп эсептейбиз. Мындай тажрыйбанын баалуулугун изденүүчү төмөндөгүдөй мүнөздөлгөн: студенттерге сунушталган окуу материалдарынын болочок кесиптин өзгөчөлүгүн эске алуу менен тандап алынышы жана рационалдуу бөлүнүшү; студенттердин алган билимин үзгүлтүксүз текшерилип турушу жана бул максатта компьютердик программасынын иштелип чыгышы; окуу материалын түшүндүрүү жана тесттик тапшырмаларды колдонуу аркылуу түз жана кайтарым байланыштын түзүлүшү; студенттердин жеке окуу жөндөмүнө карата адекваттуу тапшырмалардын берилиши, окуу жетишкендиктерин ар тараптуу талкуулоонун негизинде анын ынанымдуу логикалык схемасынын түзүлүшү.

Топтолгон тажрыйбаны жайылтуу дене тарбия багытында билим алып жатышкан студенттердин окуу ишмердүүлүгүн активдештирүү, алардын билим, билгичтик жана көндүмдөрүн оперативдүү аныктоону пландоо жана адистик компетенттүүлүгүн объективдүү баалоону жакшыртат деген пикирди айтат элем.

**Тажикова Б.Ш. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.** Изденүүчү тарабынан болочок дене тарбия мугалимдердин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптантыруунун теориялык модели, педагогикалык шарттары жана окутуу мазмуну алгачкы ирет иштелип чыкты. Теориялык моделдин курамында мотивациялык, мазмундук, уюштуруучулук жана технологиялык компоненттердин мазмуну иштелип чыкты, алардын натыйжалуулугун камсыз кылуучу педагогикалык шарттар негизделди жана тогуз коргоол менен байланыштуу билим берүүдөгү күтүлүүчү натыйжаларды адистик компетент-түүлүк иретинде мүнөздөө, курамын сунуштоо жана адистик компетенттүүлүктү калыптандырууну жакшыртат, натыйжалуу-лугун жогорулатат жана илимий корутундуларды негиздөөгө жардам берет деген жаңы көз караашты түптөдү.

Диссертациялык иш коюлган талаптарга жооп берет, изденүүчү 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептеймин.

**Айдарова Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.** Мени бул жумушта эксперимент иштери кызыктырды. Спецификалык

тема болгондугуна карабастан эки этапта эксперимен жүргүзүлүптүр. Аныктоочу этапта болочок дене тарбия мугалимдерди даярдоодо тогуз коргоол менен бай-ланышкан адистик компетенттүүлүктү калыптандыруучу окуу материалдарынын начарлыгы, орун алган кырдаалдын негизги себептери такталды, тогуз коргоол дисциплинасын окутуу мазмунун жана дидактикалык материалдарын жакшыртуу зарылдыгы белгиленди. Калыптандыруучу этапта изилдөөдө негизделген теориялык модель жана педагогикалык шарттар сунушталды жана алардын натыйжалуулугу мотивациялык компоненттин алкагында орун алган оң натыйжалар, адистик компетенцияларды анкеталык сурамжылоонун, мазмундук компонентти теориялык билимдерге, педагогикалык ишмердүүлүктүн калыптанышын тастыктаган илимий-педагогикалык маалыматтардын, эксперименталдык жана контролдук топторго тартылган студенттердин окуудагы жана спорттогу жетишкендиктеринин көрсөткүчтөрүн анализдөөнүн негизинде аныкталды. Болочок дене тарбия мугалимдеринин уюштуруучулук жана методикалык компетенттүүлүгү педагогикалык практикалардын расмий жыйынтыктары менен мүнөздөлдү. Студенттердин заманбап окутуу технологиялары менен таанышуу, аларды реалдуу сабак учурунда колдонуу тажрыйбасына ээ кылды.

Мен да бул ишти кызыгуу менен окуп чыктым, коргоого сунуштайм деген оң пикиримди билдирем.

**Ош мамлекеттик университетинин педагогика, спорттук жана улуттун оюндар кафедраларынын биргелешкен отуруму Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» деген темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын талкуулоодон кийин төмөнкүдөй**

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» деген темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана

адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясы бардык талаптарга жооп берет, ачык коргоого сунушталат.

2. Диссертациянын жана авторефераттын мазмуну жана техникалык жасалгалоосу боюнча көрсөтүлгөн кемчиликтер жетектөөчү мекеменин расмий пикиринде көрсөтүлсүн.

**Ош мамлекеттик университетинин**
**педагогика кафедрасынын башчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Жутанова Г.А.**

**Ош мамлекеттик университетинин спорттук жана**
**улуттук оюндар кафедрасынын ага окутуучусу,**
**педагогика илимдеринин кандидаты** **Үсөн уулу Жыргалбек.**

**Секретарь:** **Кайымова Л.Ш.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
20____ж. «_____»__________
Кадрлар бөлүмүнүн
башчысы Турдубаева Г.